Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын **“Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** деген темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппонент педагогика илимдеринин доктору, профессор Раимкулова Ажарбубу Сопуровнанын

**ПИКИРИ**

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу:** Азыркы демократиялаштырылган коомдо билим берүү системасы социалдык, өндүрүштүк жана рыноктук кайра түзүүлөрдүн контекстинде өнүгүп жатат. Билим берүү чөйрөсүндө өзгөчө орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча көйгөйдүн негизинде болочок медайымдарды инсан катары, келечектин адиси катары калыптандырууда жаңы, компетенттүү мамиленин негизинде жалпы жана атайын билимдерди берүү менен бирге, мамлекеттик стандарттардын негизинде талапка ылайык кесипттик компетенттүүлүктү калыптандыруу менен бирге, коомдун өсүп-өнүгүүсүнө керектүү сапаттарды өнүктүрүү маселеси жатат. Компетенттүүлүк мамиленин негизинде болочок адистерди даярдоо талабы билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын өзгөртүп, кесиптик компетенцияларды калыптандырууга багыт алууда. Болочок адистердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселелери педагогикалык илимде кеңири изилденип жаткандыгына карабастан, орто кесиптик билим берүү системасындагы медициналык колледжерде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселелери актуалдуу болуууда.

Андыктан изденүүчү Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын “**Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** деген теманы тандап алуусу жана изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө өтө актуалдуу деп кортундулоого болот.

Диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтык жана изденүүчү төмөнкү жыйынтыктарды алган:

**1-жыйынтык.** Илимий адабияттарды талдоо жана медайымдардын практикалык иш-тажрыйбаларына байкоо жүргүзүү аркылуу билим берүүнүн мазмуну, окутуу технологиялары өзгөрүп, адис даярдоого болгон талап жогорулап жаткандыгы, медайымдарды даярдоонун актуалдуулугу жана даярдоо жаатында орун алган карама-каршылыктар далилденип, компетенттүүлүк билим берүүнүн негизинде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери аныкталган.

**2-жыйынтык.** Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун компоненттери, критерийлери, деңгээлдерин камтыган мадели түзүлгөн.

**3-жыйынтык.** Медайымдардын кесиптик компетенциялары, компененттери, критерийлери, деңгээли аныкталган.

**4-жыйынтык.** Медайымдардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптандыруу үчүн «Болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу» - деген аталыштагы тандоо курсу иштелип чыгарылган жана натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, илимий педагогикалык негиздери аныкталган.
- Компетенттүүлүк мамиленин негизинде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун модели түзүлгөн.

- Болочок медайымдардын «кесиптик компетенциялары», «кесиптик компетенттүүлүгү» түшүнүктөрүнүн аныктамасына тактоолор жана толуктоолор киргизилген.
- Орто медициналык окуу жайларда болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери иштелип чыгып, натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген жана жыйынтыкталган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:**

- диссертациялык изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан илимий-теориялык жоболорду жана практикалык сунуштарды орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу процессинде пайдаланууга болот;

- медициналык окуу жайларда медайым адистиги үчүн билим берүүнү түзүүдө, медициналык дисциплиналардын жумушчу программаларын долбоорлоодо жана студенттердин билимдерин өлчөп баалоодо колдонууга болот.

- изилдөөдө сунушталган "Медайымдардын кесиптик комнетенцияларын калыптандыруу" аттуу тандоо курсунун окуу программасы медициналык колледжерине жайылтууга сунушталат.

**Диссертациянын натыйжаларын жана жыйынтыктарын колдонуу боюнча сунуштар:**

Диссертацияда негизделген илимий жоболор, алынган натыйжалар, сунуштар медициналык коллеждерде окуган студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда колдонсо болот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу, жалпылоосу толук ачылган.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта учураган кемчиликтер.** Диссертациялык иште жана анын авторефераттында төмөнкү кемчиликтер жана жетишпегендиктер кездешет:

1. Диссертациялык изилдөөдө заманбап педагогикалык талдоолорго азыраак көңүл бөлүнгөн.
2. Иште айрым орфографиялык жана пунктуациялык каталарга жол берилген.
3. Айрым сүйлөмдөрдө сөздөрдүн жайгашуу оордун карап чыгуу керек.

Бул айтылган мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациясынын жалпы илимий, теориялык, практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт.

**Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобосунун" критерийлерине туура келиши.**

Төрөбаева Данахан Калгожоевнанын "**Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери**" деген темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү" жобосунун талаптарына толук жооп берет жана диссертаттын өзү 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий даражасын ыйгарууга болот.

**Педагогика илимдеринин доктору,**

**профессор А.С. Раимкулова.**

Педагогика илимдеринин доктору, профессор А.С. Раимкулованын койгон колун тастыктаймын.

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы